**Чыңгыз Айтматовго 90 жыл**

## Бинали ЙЫЛДЫРЫМ:

# «Айтматов түрк дүйнөсүнүн сыймыгы жана бактысы»




**Жакында Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде планетардык улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун 90 жылдыгына арналып, 2018-жыл ичинде өткөрүлгөн "Биз билген, биз билбеген Айтматов" аттуу иш-чаралардын жыйынтыктоочу аземи болду.**

Ага Түркиянын Улуу Улуттук жыйынынын төрагасы Бинали Йылдырым баштаган делегация келип, Кыргызстандагы Түркиянын элчиси Женгиз Камил Фырат, Жогорку Кеңештин төрагасы Дастанбек Жумабеков, Ч.Айтматовдун бир тууган карындашы, профессор Роза Айтматова, драматург Бексултан Жакиев, Айтматов таануучу илимпоздор, студенттер жана журналисттер катышкан жыйында университеттин көркөм өнөр факультети өткөргөн конкурстун катышуучуларынын сүрөттөрү коюлду.

"Кыргыз элин эки улуу руханий байлык бириктирип да, бийиктетип да турат. Анын бири ушул университетке аты берилген "Манас" трилогиясынын баш каарманы – Манас баатыр болсо, бири – даңазалуу Чыңгыз Айтматов агабыз экени талашсыз. Бир мезгилде Манас бүтүндөй кыргыз элинин башында туруп, өзүнүн баатырдыгы менен элди жоодон сактап бириктирсе, Чыңгыз агабыз жер шарына кыргыздын ким экенин, улутубуздун улуулугун таанытты. Анын калтырган бай мурасын сактоо – биздин башкы парзыбыз", – деп белгиледи Дастанбек Жумабеков.

Ал эми Түркиянын Улуу Улуттук жыйынынын төрагасы Бинали Йылдырым Түркияда Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын сүйүп окушаарын, аны азыркы замандын залкар жазуучусу катары билише турганын билдирди. Ошону менен бирге, Айтматов планетардык мааниге ээ болгон жалпы түрк дүйнөсүнүн сыймыгы болуп саналарын кошумчалады. "Чыңгыз Айтматов – айтып бүткүс чалкып жаткан океан. Анын терең философиялуу чыгармалары адамзатка руханий гүлазык болууда. Айтматов бүтүндөй түрк дүйнөсүнүн сыймыгы жана бактысы. Быйыл анын 90 жылдык маарекеси Түркияда да кызуу белгиленүүдө", – деди.

Андан соң КТМУнун гуманитардык, коммуникация жана көркөм өнөр факультеттери тарабынан студенттердин арасында акыркы үч айдан бери өткөрүлүп жаткан "Биз билген, биз билбеген Айтматов" конкурсунун жеңүүчүлөрүнө сыйлык тапшыруу аземи болду. Аталган конкурска 100гө жакын студент катышып, алардын иштерин баалоодо комиссия тарабынан биринчи кезекте илимий макала, дил баян жана ырлардын оригиналдуулугу эске алынды.

Ч.Айтматовдун 90 жылдыгына арналган "Айтматов – Фиеста" аттуу студенттердин жалпы республикалык фестивалы дагы ийгиликтүү аяктады. Фестивалдын максаты - жаштарды Ч.Айтматовдун чыгармачылыгын билүүгө кызыктыруу, студенттерди бири-бири менен жакындаштыруу, аларды лидерлик сапатка тарбиялоо, демилгелүү студенттерди алкоо болуп эсептелет. Жыйынды Чыгыш тилдери бөлүмүнүн башчысы, профессор Осмонакун Ибраимов ачып, мындай деди: "Кыргыз элинин тарыхында, маданиятында руханий байлык мурастаган Ч.Айтматов өзүнөн кийин бай жана кайталангыс адабий мурасын калтырып кетти. Быйыл улуу жазуучубуздун 90 жылдык маарекесин жеке эле кыргыз эли эмес, бүткүл дүйнө жүзү майрамдап, чыныгы аты өчпөс, улуу жазуучу экендигин даңазалап жатышат. Ал эми Кыргыз-Түрк "Манас" университети үчүн Айтматовдун өзгөчө орду бар. Ал окуу жайыбызга нечен жолу келип, дал ушул жерде ак батасын берген".

КТМУнун окуу иштери боюнча проректору, профессор Анварбек Мокеев "Манас" университети жеке эле Айтматовдун туулгандыгынын 90 жылдыгына эле эмес, жыл сайын ар түрдүү иш-чараларды өткөрүп келе жатканын белгиледи. "Айтматов ар бирибиздин жүрөгүбүздө, турмушубузда күн сайын жашап келет. Анын адабий дөөлөтү жалпы адамзатка адамгерчиликти жогору баалоого арналган мурас болуп калды. Биз ошол мурасты канчалык деңгээлде турмушка ашырып жатабыз? Айтматов тууралуу белгилүү түрколог С.Г.Кляшторный айткандай: "Айтматовдун улуулугу – бир кичинекей кыргыз үй-бүлөсүнүн маселесин адамзаттык деңгээлде көргөзө алгандыгында" деп айткан", – деп белгиледи.

**Айзат ТАЛАСБАЕВА,**
**Медиа Манас**

---

**Ким кан донору боло алат?**



**Журналист маселе көтөрөт**

Чыңгыз Айтматовго 90 жыл

Бинали ЙЫЛДЫРЫМ:

# «Айтматов түрк дүйнөсүнүн сыймыгы жана бактысы»




**Жакында Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде планетардык улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун 90 жылдыгына арналып, 2018-жыл ичинде өткөрүлгөн "Биз билген, биз билбеген Айтматов" аттуу иш-чаралардын жыйынтыктоочу аземи болду.**

Ага Түркиянын Улуу Улуттук жыйынынын төрагасы Бинали Йылдырым баштаган делегация келип, Кыргызстандагы Түркиянын элчиси Женгиз Камил Фырат, Жогорку Кеңештин төрагасы Дастанбек Жумабеков, Ч.Айтматовдун бир тууган карындашы, профессор Роза Айтматова, драматург Бексултан Жакиев, Айтматов таануучу илимпоздор, студенттер жана журналисттер катышкан жыйында университеттин көркөм өнөр факультети өткөргөн конкурстун катышуучуларынын сүрөттөрү коюлду.

"Кыргыз элин эки улуу руханий байлык бириктирип да, бийиктетип да турат. Анын бири ушул университетке аты берилген "Манас" трилогиясынын баш каарманы – Манас баатыр болсо, бири – даңазалуу Чыңгыз Айтматов агабыз экени талашсыз. Бир мезгилде Манас бүтүндөй кыргыз элинин башында туруп, өзүнүн баатырдыгы менен элди жоодон сактап бириктирсе, Чыңгыз агабыз жер шарына кыргыздын ким экенин, улутубуздун улуулугун таанытты. Анын калтырган бай мурасын сактоо – биздин башкы парзыбыз", – деп белгиледи Дастанбек Жумабеков.

Ал эми Түркиянын Улуу Улуттук жыйынынын төрагасы Бинали Йылдырым Түркияда Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын сүйүп окушаарын, аны азыркы замандын залкар жазуучусу катары билише турганын билдирди. Ошону менен бирге, Айтматов планетардык мааниге ээ болгон жалпы түрк дүйнөсүнүн сыймыгы болуп саналарын кошумчалады. "Чыңгыз Айтматов – айтып бүткүс чалкып жаткан океан. Анын терең философиялуу чыгармалары адамзатка руханий гүлазык болууда. Айтматов бүтүндөй түрк дүйнөсүнүн сыймыгы жана бактысы. Быйыл анын 90 жылдык мааракеси Түркияда да кызуу белгиленүүдө", – деди.

Андан соң КТМУнун гуманитардык, коммуникация жана көркөм өнөр факультеттери тарабынан студенттердин арасында акыркы үч айдан бери өткөрүлүп жаткан "Биз билген, биз билбеген Айтматов" конкурсунун жеңүүчүлөрүнө сыйлык тапшыруу аземи болду. Аталган конкурска 100гө жакын студент катышып, алардын иштерин баалоодо комиссия тарабынан биринчи кезекте илимий макала, дил баян жана ырлардын оригиналдуулугу эске алынды.

Ч.Айтматовдун 90 жылдыгына арналган "Айтматов – Фиеста" аттуу студенттердин жалпы республикалык фестивалы дагы ийгиликтүү аяктады. Фестивалдын максаты - жаштарды Ч.Айтматовдун чыгармачылыгын билүүгө кызыктыруу, студенттерди бири-бири менен жакындаштыруу, аларды лидерлик сапатка тарбиялоо, демилгелүү студенттерди алкоо болуп эсептелет. Жыйынды Чыгыш тилдери бөлүмүнүн башчысы, профессор Осмонакун Ибраимов ачып, мындай деди: "Кыргыз элинин тарыхында, маданиятында руханий байлык мурастаган Ч.Айтматов өзүнөн кийин бай жана кайталангыс адабий мурасын калтырып кетти. Быйыл улуу жазуучубуздун 90 жылдык мааракесин жеке эле кыргыз эли эмес, бүткүл дүйнө жүзү майрамдап, чыныгы аты өчпөс, улуу жазуучу экендигин даңазалап жатышат. Ал эми Кыргыз-Түрк "Манас" университети үчүн Айтматовдун өзгөчө орду бар. Ал окуу жайыбызга нечен жолу келип, дал ушул жерде ак батасын берген".

КТМУнун окуу иштери боюнча проректору, профессор Анварбек Мокеев "Манас" университети жеке эле Айтматовдун туулгандыгынын 90 жылдыгына эле эмес, жыл сайын ар түрдүү иш-чараларды өткөрүп келе жатканын белгиледи. "Айтматов ар бирибиздин жүрөгүбүздө, турмушубузда күн сайын жашап келет. Анын адабий дөөлөтү жалпы адамзатка адамгерчиликти жогору баалоого арналган мурас болуп калды. Биз ошол мурасты канчалык деңгээлде турмушка ашырып жатабыз? Айтматов тууралуу белгилүү түрколог С.Г.Кляшторный айткандай: "Айтматовдун улуулугу – бир кичинекей кыргыз үй-бүлөсүнүн маселесин адамзаттык деңгээлде көргөзө алгандыгында" деп айткан", – деп белгиледи.

**Айзат ТАЛАСБАЕВА,**
**Медиа Манас**

Ким кан донору



Журналист маселе көтөрөт